**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-жылдын 14-ноября № 372 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 137 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2023-жылдын 17-августундагы № 11-11/131-23 сунуштамасын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 “2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы № 153 “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 137 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- Жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Иш-чаралар планы ушул буйруктун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;
- 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары С.П. Слесаревге жүктөлсүн.»

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин документтик камсыздоо жана контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жиберсин.

**Министр** **Н.А. Кутнаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН